Изденүүчү Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын 13.00.02 окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча «Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары" деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши боюнча И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д13.23.673 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын

**БҮТҮМҮ**

Эксперттик комиссиянын мүчөсү педагогика илимдеринин доктору, доцент А.С.Мукамбетова:

Изденүүчү Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын 13.00.02 окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча «Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунунт методикалык шарттары" деген темадагы кандидаттык диссертациялык ишин карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши:** Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин (Д13.23.673) профилине туура келет. Изденүүчү Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын 13.00.02 окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча «Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунунт методикалык шарттары" деген темадагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Диссертациялык иште 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү орто мектептердеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча теориялык жана практикалык изилдөөлөрдү жүргүзүлгөн.

**2. Диссертациялык иштин максаты** катары орто мектепте кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттарын аныктоо менен аны практикада колдонуунун ык-жолдорун иштеп чыгуу,

педагогикалык эксперименттик текшерүүлөрдөн өткөрүү менен практикада колдонууга сунуш кылуу.

Коюлган максаттар диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:

1. Темага байланыштуу педагогикалык-методикалык, практикалык-колдонмолорду адабияттарды окуп-үйрөнүү, жалпылаштыруу, кыргыз тили сабагынын азыркы практикадагы абалын аныктоо.
2. Кыргыз тили сабагына коюлуп жаткан азыркы дидактикалык талаптарды аныктоо, аларды аткаруунун теориялык жана практикалык маселелерин чечүүнүн жолдорун сунуштоо.
3. Азыркы кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттарын аныктап, аларды сабак программасында пайдалануунун ык-жолдорун, каражаттарын көрсөтүп, колдонууга сунуш кылуу.
4. Иштелип чыккан методикалык ой-сунуштардын алгылыктуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерип, практикада сунуш кылуу.

Коюлган максатка жетүүдө изденүүчү тарабынан коюлган милдеттер иште бир нече этапта аткарылган, аны аткаруу үчүн тийиштүү каражаттары менен камсыз болгон эксперимент жасоо методдору туура тандалып алынган. Изилдөө жумуштары изденүүчү тарабынан логикалык жактан туура белгиленип, аны эксперимент учурунда жасалган жумуштар толук канааттандырып, максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн ынанымдуу түзө алган.

**Диссертациянын изилдөө объектиси** - орто мектепте кыргыз тили сабагын даярдап, өткөрүү процесстери.

**Изилдөөнүн методдору:** укуктук-нормативдик документтерди өздөштүрүү методу, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамын, кыргыз тилин эне тил катары окутуунун Мамлекеттик жана предметтик стандарттарын, концепцияларын, кыргыз тилин мамлекеттик тил катары өнүктүрүүнүн Улуттук программаларын, Президенттин соңку Жарлыктарын талдоо, жалпылаштыруу, үйрөнүү; илимий-методикалык булактарды үйрөнүү методу аркылуу билим берип тарбиялоону уюштуруп, өткөрүүнүн өнүгүш тарыхы боюнча маалыматтарды топтоо; практикалык тажрыйбаларды, табылгаларды талдоо, аларды жалпылаштыруу, сурамжылоо, аңгемелешүү, анкета алуу,; педагогикалык эксперименттин калыптандыруучу, аныктоочу жана жыйынтыктоочу этаптардын тажрыйбаларын анализдөө методдору колдонулган.

Бул 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча изилдөөлөрдүн талаптарына туура келет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу** Изилденип жаткан проблема кыргыз тилин эне тили катары өзүнчө предмет болуп окутулушунун тарыхы бир кылымдан ашкандыгына карабастан тилди окутуунун көйгөйлөрү дагы деле болуп келе жаткандыгы изденүүчү тарабынан ачыкталган. Ал эми кыргыз тилин окутуунун негизги формасы катары класстык-сабак билим берүүнүн бардык баскычтарында колдонулуп келет. Акыркы мезгилде билим берүүнү уюштуруудагы сабактан башка, жаңы формаларын табууга болгон аракеттер дайыма жана тынбай жүргүзүлүп келе жатканына карабастан, окутуунун алда канча алгылыктуу жана натыйжалуу формаларын табуунун келечеги жок экендиги изденүүчү тарабынан аныкталган..

Кыргыз тили сабагы жөнүндө бир катар эмгектер, сабактын үлгүлөрү иштелип чыгып, практикага сунуш кылынганы менен кыргыз тилин окутууда, сабак өтүүдө бир катар карама-каршылыктар окутуу процессинде орун алып келе жаткандыгы аныкталган, алар:

1. кыргыз тили сабагы илимий-теориялык жактан кыйла иштелип, көптөгөн тажрыйбалар топтолсо да сабакта коюлган максаттар толук ишке ашпай, кыргыз тили сабагы мектептеги предметтердин ичинен кызыксыз сабактардын катарында калып келет,
2. кыргыз тилин окутуунун методикасы илими азыркы суроо-талаптарга жооп бергендей ондогон эмгектерди жаратса да, кыргыз тили боюнча өтүлүүчү сабак өзүнчө изилдөөнүн, диссертациялык иштин темасы катары иштелбей келет,
3. мектептер, кыргыз тили жана адабияты кабинеттери азыркы жабдыктар, керектүү каражаттар менен жабдылып, кыргыз тили боюнча сабакты уюштуруп, өткөрүүгө кыйла жакшы шарттар түзүлгөндүгүнө карабастан, кыргыз тил сабагынын натыйжалары али да төмөн бойдон калып келет

Аныкталган ж. б. карама-каршылыктарды жоюу жана ал аркылуу кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттыруунун шарттарын жана ык-жолдорун аныктоо иштин актуалдуулугун айкындап, көрсөтүп турат.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу**

Кыргыз тилин окутуунун методикасында алгачкы жолу кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттыруунун методикалык шарттары, кыргыз тилин окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптарга ылайык иштелип чыккандыгы, анда сабактын максаттары, мазмуну, мугалимдин ишмердүүлүгү менен компетенттүүлүгү жөнүндөгү маселелер, окутуунун жаңы парадигмаларын кыргыз тили сабагында колдонуунун методикалык негиздеринин талапка ылайык иштелип чыгышы ж.б. аныкталат.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык мааниси:** изилдөөдөн алынган жыйынтыктар, конкреттүү ой-сунуштар, берилген үлгүлөр кыргыз тили мугалимдерине сабакты даярдоого, план түзүүгө, уюштурууга жана сабакты өткөрүүгө даяр теориялык жана практикалык маалыматтарды бере алгандыгы "Кыргыз тилин окутуунун методикасы" курсунда сабак боюнча мазмунун байытууга кызмат кылгандыгы, кыргыз тили сабагын азыркы талапка ылайык жүргүзүүгө керектүү материалдарды бере алгандыгы менен түшүндүрүлөт:

**Диссертацияда чыгарылган ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**

**1-жыйынтык** жаңы, себеби, азыркы учурдагы окуучулардын укуктарынын өзгөчө корголушу, алардын билим алууга, кыргыз тилин окууга болгон кызыкчылыктарынын төмөндөшү ж.б. жүйөөлөр кыргыз тили мугалимдерине окуучулардын ар бирин, ар бир класстын өзгөчөлүгүн эске алып, инсанга багыттап окутуунун талаптарынын зарылдыгы тастыкталган.

**2-жыйынтык,** жаңы,себеби Кыргыз тили боюнча өтүлүүчү ар бир сабактын максаты, темага ылайык тандалып, ошол сабакка ылайык окутуунун ык-жолдору жана каражаттары тандалып алынат. Тандалып алынган ык-жолдор өзгөрүүсүз, милдеттүү түрдө сабак процессинде толугу менен, ошол турушунда колдонулушу шарт эмес. Сабак процессинде жүрүшү, андагы түзүлгөн жагдай, шарт, кырдаалдарга жараша өзгөрүүлөр болушу мүмкүн. Анткени сабактын натыйжалуулугун алдын-ала пландаган ык-жолдор гана эмес, сабактагы ыңгайга жараша колдонулган башка ык-жолдор, каражаттар да жогорулатууга кызмат кыла алат.

**3-жыйынтык** жаңы, себеби кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттырууга өбөлгө болуучу методикалык шарттар боюнча иштелип чыккан дидактикалык шарт-талаптар, методикалык аныкталган шарттары, аларды практикада колдонуу боюнча биз иштеп чыккан ой-сунуштардын, жоболордун алгылыктуу жана натыйжалуу экендигин педагогикалык-эксперименттин иш-аракеттердин жыйынтыктары тастыктады жана пайдалануу сунуш кылууга негиз болду.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык мааниси:** изилдөөдөн алынган жыйынтыктар, конкреттүү ой-сунуштар, берилген үлгүлөр кыргыз тили мугалимдерине сабакты даярдоого, план түзүүгө, уюштурууга жана сабакты өткөрүүгө даяр теориялык жана практикалык маалыматтарды бере алгандыгы “Кыргыз тилин окутуунун методикасы” курсунда сабак боюнча мазмунун байытууга кызмат кылгандыгы, кыргыз тили сабагын азыркы талапка ылайык жүргүзүүгө керектүү материалдарды бере алгандыгы менен түшүндүрүлөт:

**Диссертациянын материалдары төмөндөгү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулган:**

Изилденген тема боюнча илимий-практикалык конференцияларда докладдар жасалган, макалалер жазылып, КР УАК тарабынан сунушталган басылмаларда жана РИНЦ системасындагы илимий журналдарда чагылдырылган педагогикалык эксперименттерде текшерилген.

Черикчиева Гүлмира Мейманбековнанын диссертациясынын материалдарын ишке ашыруунун жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй натыйжалар алынган. Иште орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча илимдин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ маселелерди камтып, азыркы мезгилде мектеп окуучуларынын кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатууда заманбап технологияларды колдонуу методиксы боюнча илимий жактан негизделген төмөндөгүдөй теориялык натыйжаларды берет:

**1-натыйжа:** кыргыз тилин окутуунун методикасында алгачкы жолу кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттыруунун методикалык шарттары иштелип чыккан.

**2-натыйжа:** кыргыз тилин окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптарга ылайык сабактын конкреттүү максаттары,милдеттери иштелип чыккан.

**3-натыйжа**: кыргыз тилин окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууда сабактын максаттары, мазмуну, мугалимдин ишмердүүлүгү менен компетенттүүлүгү жөнүндөгү маселелер иликтенген жана иштелип чыккан.

**4-натыйжа:** окутуунун жаңы парадигмаларын кыргыз тили сабагында колдонуунун методикалык негиздеринин талапка ылайык иштелип чыккан.

**Изилдөөннүн негизги мазмуну төмөндөгү эмгектерде чагылдырылган**:

1. **Черикчиева, Г.М.** Сабактын стратегиясын талдоо – кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттыруунун методикалык шарттары [Текст] / Г.М Черикчиева // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2015. – №2. – 100-104-бб.

2. **Черикчиева, Г.М.** Азыркы кыргыз тили сабагына коюлуп жаткан жалпы жана негизги милдеттер, аларды ишке ашыруунун жолдору [Текст] / Г.М Черикчиева // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2015. – №2. – 97-100-бб.

3. **Черикчиева, Г.М.** Билим берүүнүн жаңы парадигмалары кыргыз тили сабагында [Текст] / Г.М Черикчиева // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы, –2016. – 82-85-бб.

4. **Черикчиева, Г.М.** Азыркы кыргыз тили сабагын компентеттүүлүккө негиздеп уюштуруу [Текст] / Г.М Черикчиева // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы, –2016. – 85-88-бб.

**Черикчиева, Г.М.** Кыргыз тилин окутуп-үйрөтүүдө сабактын максаттарын аныктоо [Текст] / Г.М Черикчиева // Наука новые технологии и Инновации Кыргызстана. –2016. – № 10. – 298-300-бб.

5. **Черикчиева, Г.М.** Окуучулардын маданият таануучулук компетенцияларын өркүндөтүүнүн жолдору [Текст] / Г.М Черикчиева // Наука новые технологии и инновации Кыргызстана. –2016. – № 10. – 301-304-бб.

6. **Черикчиева, Г.М.** Азыркы кыргыз тили сабагын компетенттүүлүккө негиздеп уюштуруу [Текст] / Г.М Черикчиева // Ата-Түрк Ала-Тоо университети –2017.– № 2. – 223-227-бб.

7. **Черикчиева, Г.М.** Кыргыз тили сабагында окуучулардын билим алуу көндүмдөрүн калыптандыруунун [Текст] / Г.М Черикчиева // Ата-Түрк Ала-Тоо университети. –2017. – № 3. – 156-162-бб.

8. **Черикчиева, Г.М.** Цели уроков современного кыргызского языка Российская академия [Текст] / Г.М Черикчиева // Международный журнал экспериментального образования –2017. – № 1. – 26-29-бб.

9. **Черикчиева, Г.М.** О культуроведческой компетентности учителя кыргызского языка Российская академия [Текст] / Г.М Черикчиева // Международный журнал экспериментального образования. – 2017. – № 3. – 34-38-бб.

10. **Черикчиева, Г.М.** Кыргыз тили сабагын уюштуруп, өткөрүүгө карата мугалимге коюлуп жаткан азыркы талаптар. [Текст] / Г.М Черикчиева // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2017. – 144-148-бб.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат негизинен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет.

**Айрым мүчөлүштүктөр:**

1) Кыргыз тилин окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууда мугалимдин сабакка койгон максаттары, ал максатты ишке ашырууда мугалим кандай милдеттерди аткаруусу керектиги теориялык жактан өтө түшүнүктүү, ачык-даана берилген. Бирок ошол берилген теориялык аныктамаларды практика жүзүндө кантип ишке ашыруу керектиги конкреттүү сабактын мисалында берилсе иш мындан да сапаттуу чыкмак.

2) Педагогикалык эксперименттик иш-аракеттердин жүрүшү жана жыйынтыктары деген бөлүмдө эксперименттик иштердин аныктоочу, калыптандыруучу жана текшерүүчү этаптарынын максат, милдеттери, методдору жана натыйжалары так конкреттүү берилген. Бирок окуучуларга, ата-энелерге берилген анкеталык суроолор бирин-экин сурамжылоо менен гана жүргүзүлгөндөй түшүнүк калтырат.

3.Кыргыз тилин окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууда өтүлгөн сабактардын конкреттүү иштелмелери (моделдери)тиркеме катары берилсе болмок.

Жогоруда айтылган мүчүлүштүктөр иштин жалпы мазмунуна терс таасирин тийгизбейт. Диссертациялык изилдөө иши орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатууга арналган кыргыз педагогикасындагы мезгил талабына ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат.

**Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы жетектөөчү мекеме катары Ош МПУнун Башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы жана усулу жана кыргыз тили жана адабияты кафедрасын сунуштайт. Аталган кафедрада сунушталган илимдин тармагы боюнча илимдин доктору, 8 кандидаттары: Зулуев Б.Б. Б - педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.01); Касымбеков Э.А.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01); Миңбаева К.Б. – педагоги-ка илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02); Байышова Г.Ж. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02); Мадраимов С. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02); Арынбаев Э,К. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02); Абдывасиева З. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02); Турдубаева К.Т. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02), МинбаеваК.Б.- п.и.к. (13.00.02 кыргыз адабияты), Мондошов Ш.М. педагогика илимдеринин кандидаты, доцент

(13.00.02 кыргыз тили), Джумаева Ж.Т.- филология илимдеринин кандидаты, Токтосунова А.Т. - филология илимдеринин кандидаты, Танаева Н.Т- филология илимдеринин кандидаты, Келдибай кызы М.- филология илимдеринин кандидаты ж.б. адистер эмгектенет.

**Биринчи расмий оппонент** катары Кыргыз билим берүү академиясынын башкы илимий кызматкери, педагогика илимдеринин доктору, профессор С.К.Рысбаевди сунуш кылат.Анын эмгектери:

1. Кыргыздын салт, нарк, каада, үрп-адат жана ырым-жырымдары-жаштарга улуттук баалуулуктар аркылуу тарбия берүүнүн негиздери, КББАнын Кабарлары, И,Бекбоевдин 90 жылдыгына арналган ил-пр.конф.матер-ры, Б., 2020.10-17-б.б.

2. Илимий жана элдик педагогика: методдору, принциптери.,Алматы, "Абай атындагы улуттук пед.университетинин "Кабарчы" журналы,№2, (72), 502-509-б.б.

3.Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы., Б.,2024,"Жак принт", 19,5 б.т.

4. Окуучунун жазуу жана сүйлөө ишмериги, Б., 2014, "Жак принт", 20, 6 б.т.

5.Кыргыздын улуттук баалуулуктары жана нарктуу түшүнүктөрү. Б., "Адвер-групп", 2021, 226 бет.

6. Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп-үйрөнүү маселелери., Б., 2014, 14 .т

7.Баланын китеп окуусун уюштуруу технологиялары, "Улуу тоолор", 2022-ж.165 бет.

**Экинчи расмий оппонент** катары кыргыз тилин окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис педагогика илимдеринин кандидаты, Г.Э.Аманалиеваны сунуш кылат. (13.00.02) Анын эмгектери:

1. Аманалиева, Г.Э. Русско-кыргызский разговорник для медиков [Текст] / Г.Э. Аманалиева, А.Б. Даакыбаева. Учеб. пособие. Бишкек: КРСУ, 2006. 91 с.

2. Аманалиева, Г.Э. Кыргызский язык для начинающих [Текст] / Г.Э. Аманалиева, А.Б. Даакыбаева. Учебник по кыргызскому языку для студентов начинающих изучать язык. «Изучаем кыргызский язык» // КРСУ. 2015, с. 235.

3. Аманалиева, Г.Э. Кыргызский язык для начинающих групп медицинского факультета [Текст] / Г.Э. Аманалиева, А.Б. Даакыбаева // КРСУ 2019, с.349.

4. Аманалиева, Г.Э., Русско-Кыргызский Учебный словарь медицинских терминов [Текст] // КРСУ 2020, с.1210.

5. Сборник текстов по специальности для экономического факультета. [Текст] // КРСУ 2022. с. 40.

6. Сборник текстов по специальности для юридического факультета. [Текст] // КРСУ 2022. с. 40.

7. Аманалиева, Г.Э. Обучение кыргызскому языку как второму или иностранному в ВУЗах с применением лингводидактических методов [Текст] / Г.Э. Аманалиева. Бишкек 2018. Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. с.85-92.

8. Аманалиева, Г.Э Особенности обучения профессионально ориентированной кыргызской диалогической речи студентов медицинских специальностей. [Текст] / Г.Э. Аманалиева // Вестник КРСУ. - №2. Бишкек, 2022.

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы изденүүчүнүн документтерин карап чыгып И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Д13.23.673 диссертациялык кеңешине адистиги боюнча 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн изденүүчү Черикчиева Гүлмира Мейманбековнанын **«Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары»** деген темадагы диссертациялык ишин коргоого кабыл алынуусун сунуш кылат.

Эксперт п.и.д., доцент А.С.Мукамбетова

Дата поступления заявления в ДС Д13.23.673 3.06.2022

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ